УДК:378.2
DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/2-175-181

**Сманбаев Ө.А.**
педагогика илимдеринин доктору, профессордун м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## БОЛОЧОКТОГУ МУГАЛИМДИН КЕСИПТИК КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Аннотация**. Азыркы кездеги Кыргызстандын билим берүү системасын модернизациялоонун шартында компетенттүү мектеп мугалимин даярдоо актуалдуу проблема болуп саналат. Макалада жогорку окуу жайда болочоктогу мугалимди даярдоодо алардын кесиптик кызыгуусун калыптандыруу маселеси каралган. Анткени, кесиптик кызыгуу болочоктогу мугалимдин кесиптик, инсандык сапатын жана кесипке даярдыгын калыптандыруунун негизи болуп саналат

**Негизги сөздөр:** кесип, мугалим; кызыгуу, кесиптик кызыгуу, калыптандыруу, санариптештирүү, модернизациялоо, педагогикалык шарт.

**Сманбаев О.А.**
доктор педагогических наук, и.о. профессора
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ФОРМИРОВАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ИНТЕРЕСА БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ

**Аннотация**. Подготовка компетентного школьного учителя является актуальной проблемой в контексте модернизации системы образования Кыргызстана. В статье рассматривается вопрос формирования будущего учителя школы профессионального интереса в высших учебных заведениях. Профессио-нальный интерес является основой формирования профессиональных, личностных качеств и готовности к профессии педагога.

**Ключевые слова:** профессия, педагог; интерес, профессиональный интерес, формирование, цифровизация, модернизация, педагогические условия

**Smanbaev O.A.**
Doctor of Pedagogical Sciences, acting Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## FORMATION OF PROFESSIONAL INTEREST OF THE FUTURE TEACHER

**Annotation.** Training a competent school teacher is a pressing issue in the context of modernizing the education system of Kyrgyzstan. The article discusses the issue of forming a future teacher of a school of professional interest in higher educational institutions. Professional interest is the basis for the formation of professional, personal qualities and readiness for the teaching profession.

**Key words:** profession, teacher; interest, professional interest, formation, digitalization, modernization, pedagogical conditions

Кыргызстандагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында билим берүү системасында олуттуу өзгөртүүлөр болууда. Өлкөбүздүн билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине багыт алышы, маалыматтык коммуникациялык технологиялардын кеңири колдонулушу мугалимдин кесиптик даярдыгына жогорулатылган талап коюуда.

Азыркы кезде педагогикалык жогорку окуу жайда окуп жаткандар Z муундун («санариптик адамдар») өкүлдөрү. Алардын күндөлүк турмушунда маалыматтык технология, интернет, виртуалдык байланыш негизги орунду ээлейт[2]. Студенттер дайыма интернетти, смартфондорду, социалдык тармактарды тынымсыз колдонгондуктан алардын дүйнө таанымы өзгөрүп, башка баалуулуктарга ээ болушууда. Мына ушул жагдайларды эске алуу менен болочоктогу мугалимди билим берүү системасын модернизациялоонун шартындагы мектепте иштөөгө даярдоонун, алардын дүйнө таанымын, кесиптик жана социалдык позициясын тарбиялоонун зарылдыгы келип чыгат. Биринчиден, алардын көпчүлүгү педагогдук кесип тууралуу объективдүү маалыматтары жок, интернет булактарынан алган маалыматтарга гана таянуу менен кесип тандап алышкан. Экинчиден, алар кесипти тандоодо фундаменталдык билимдерин, көндүмдөрүн, ийкемдүүлүгүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө көңүл бөлүшпөгөн. Үчүнчүдөн, ата-энелер жаңы социалдык-эконо-микалык шарттарда балдарынын жоопкерчиликтүүлүк менен кесип тандоосуна анча деле маани беришпеген. Төртүнчүдөн, окууга өткөндөрдүн көпчүлүгүнүн кесип тандоосуна жалпы республикалык тестирлөө кандайдыр бир деңгээлде таасирин тийгизген. Алар өзүлөрүнүн жеке сапаттарын, кызыгуусун жана шык жөндөмүн эске алышпастан, кесип тандоосун тесттин жыйынтыгы менен байланыштырышкан. И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде окуган болочок мугалимдеринин арасында изилдөөнүн методдорунун комплексин колдонуу алардын педагогикалык кесипти тандап алуусунун негизин аныктадык. Изилдөөгө 246 студент катышты. Натыйжада, 1-курска окуган студенттердин 30% га жакыны өздөрүнүн тандоосунун тууралыгына ишенишпейт жана келечектеги кесибине туруктуу кызыгуусу жок экенин көрсөтүшкөн. Мына ушуга байланыштуу студент-тердин педагогикалык кесипке туруктуу кызыгуусун, инсандык жана кесиптик сапаттарын, кесипке даярдыгын калыптандыруу өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Кесипке кызыгуу фактору болочоктогу мугалимдердин ар тараптуу өнүгүшүн, сапаттуу билим, тарбия алуусун камсыз кылуу менен байланышкан милдеттерди чечүүдө чоң роль ойнойт. Илимий адабияттарда «кызыгуу» конкреттүү керектөөнүн модификациясында каралган. «Кызыгуу – инсандын иш аракетинин максатынын багыттуулугун камсыз кылуучу таанып билүүнүн, керектөөсүнүн формасы жана жаңы фактылар менен таанышууга, бир кыйла толук жана тереңирээк чындыкты чагылдырууга багыт алууну жөнгө салат»[6,124]. Педагогикалык кесипке кызыгууну калыптандыруу болочоктогу мугалимдин иш аракетинин ийгилиги. Анткени, педагогдук кесипти жеке кызыгуусуна, шык жөндөмүнө ылайык, анын перспек-тивасын, коомдук маанисин баалоо менен тандап алган мугалимдер өзүнүн кесибинен жана эмгегинен канааттануу алышкандыктарын практика көрсөтүүдө..

Илимий адабияттарда кызыгуунун структурасын инсандын багытталгандыгы менен байланышкан психикалык касиеттердин татаал комплекси катары карашып, аны инсандын башка сапаттарына таасир тийгизүүчү өз алдынча компонент деп эсептешет. Кызыгуу –

инсандын структурасындагы керектөөнүн, мамилелердин тенденциясы түрүндөгү татаал динамикалык түзүлүш. Ал инсандын мамилелеринде жашап, адамдын иш аракетинин натыйжасында пайда болот. Мына ушуга байланыштуу кызыгууда объективдүүлүк менен субъективдүүлүктүн биримдиги жатат. Кызыгуунун натыйжасында субъектинин курчап турган чөйрө менен байланышы ишке ашат..

С.Л. Рубинштейн, Б.М. Теплов, Ю.В. Шаров, В.Г. Иванов жана башкалар кызыгуунун пайда болушунун себебин адамдын иш аракетке муктаждыгы деп эсептешкен. В.Г. Ивановдун оюу боюнча «кызыгуу иш аракеттин тигил же бул түрүнө коомдун керектөөсү болгон учурда пайда болуп, инсандын бирдей мамилеси менен коштолуп, өзүнүн өнүгүүсүнүн бир этабында индивиддин жаңы муктаждыктарынын пайда болушуна алып келет»[4,70].

Кызыгуу инсандын кесиптик өзүн аныктоосунун жана калыптануусунун механизмине таасирин тийгизет. Г.И. Шукинанын пикири боюнча кызыгуу инсандын багытталган таанып билүү чөйрөсү, анын предметтик жагдайы жана билимди өздөштүрүүгө багытталгандыгы менен интерпретацияланат[10]. Бул кызыгуу инсан-дын касиети жана сапаты катары иш аракетте өнүгүп, калыптанат. С.Л. Рубинштейн « тигил же бул нерсеге же предметке, илимге, музыкага спортко кызыгуу ага ылайык келген иш аракетке түрткү болуп, шыгын жаратат же ага өтөт» деп белгилеген [9,24]. Инсан үчүн кесип жогорку деңгээлде эмоционалдык жактан жагымдуу болсо, анын обьект менен терең таанышууга умтулуусун пайда кылат.

Кесипке кызыгуу болочоктогу мугалим мектепте окуп жүргөн мезгилинде пайда болсо, «кесиптик кызыгуу» педагогикалык окуу жайда окуу процессинде, педагогикалык практика мезгилинде, ар түрдүү тарбиялык иш чараларга катышуу учурунда калыптана баштайт. Кесиптик кызыгуу – бул адамдын кесипти жана анын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү үчүн активдүү таанып-билүүсү, кесипке карата аң-сезимдүү позитивдүү мамиле жасоосу, келечектеги кесиптик ишмердигине максаттуу жана маңыздуу багытталышы.

Биз мындан кызыгуу система түзүүчү функция аткарып, инсандын психикалык процесстерин (кабыл алуу, эске тутуу, ой жүгүртүү) интеграциялап, инсандын кызыгуусуна ылайык кесиптин теориялык, практикалык негиздерин өздөштүрүүгө болгон иш аракетин активдештирет деп айта алабыз.

Болочоктогу мугалимдин кесиптик кызыгуусу анын кесиптик жана инсандык сапаттарынын калыптанышында маанилүү. Мугалимдин кесиптик сапатына – биринчи кезекте илимий маалыматтын тез агымында туура багыт алуусу, окуткан предмети боюнча терең фундаменталдуу даярдыгы кирет. Анын мыкты теориялык даярдыгы окуучулардын таанып билүүгө болгон кызыгуусун өнүктүрүп, алардын арасында кадыр-баркка жогорулатат. Ошондуктан болочоктогу мугалим төмөнкү структурадан турган кесиптик билимдерге ээ болушу керек 1) окуткан предметин боюнча билим; 2) психологиялык-педагогикалык билимдер; 3) жалпы илимий билимдер (техниканын, эконо-мика жана финансы, адабият жана искусство, экология, медицина, саясат ж.б.); 4) метапредметтик билим (предметти окутуунун өзгөчөлүгүн жана логикасын билүүгө байланышкан метапредметтик билим ж.б. Мына ушул билимдердин жыйындысы болочоктогу мектеп мугалиминин кесиптик сапатынын, маданиятынын, педагогикалык чеберчилигинин (кесиптик билим, гуманисттик багыт, жөндөм, педагогикалык техника ж.б.) калыптанышына таасирин тийгизет.

Болочоктогу мугалимдин инсандык сапаты кесиптик кызыгуунун негизинде калыптанат. Анын инсандык сапаты окуучулар үчүн үлгү. Окуучунун көз карашында мугалими билимдүү, адеп-ахлактуу, жоопкерчиликтүү, маданияттуу, акылдуу адам. Ал өзүнүн

жеке турмушунда, коомдук жайларда өзүнүн жүрүм-туруму жана иш-аракеттери менен окуучуларына үлгү болуу үчүн төмөнкүдөй сапаттардын ээси болушу керек: толеранттуулук, мультикультурализм, жогорку адеп-ахлак, коммуникация жөндөмдөрү, гумандуулук, турмуштук активдүү позиция, чынчылдыгы ж.б. Мына ушул сапаттар мугалим менен окуучулардын ортосунда чыныгы достук, кызматташтык педагогикасын, окуучулардын мугалимге болгон ишеними жаратат.

Кесипке кызыгуу болочоктогу мугалимдин кесиптик даярдыгынын компоненттеринин (когнитивдик, мотивациялык, иш-аракеттик, баалоочу-жыйынтыктоочу, компоненттеринин) калыптанышына таасирин тийгизет. **Когнитивдик компонент** тандалган адистиги жана өзүнүн педагогикалык сапаттары жөнүндө билимди камтыйт. Болочоктогу мугалимдин илимий билимдин бул чөйрөсүндөгү компетенттүүлүгү, биринчи кезекте, окуучуларды окутуунун максатын, окутуу ыкмаларынын жеткиликтүү арсеналын натыйжалуу пайдалануу үчүн шарттарды түшүнүүсү менен аныкталат. Ошондой эле өз ишинин натыйжаларын талдоо жана адекваттуу баалоо жөндөмдүүлүгү, билим берүү уюмунда түзүлгөн шарттарды эске алуу зарыл.

**Мотивациялоочу компонент** болочоктогу мугалимдин тандаган кесибине болгон мамиледен, белгиленген максатка жетүү үчүн багытталган иш аракетинин көрүнөт. . Мотивациянын жоктугу келечектеги мугалимдин кесиптик ишмердүүлүккө даяр эместигин көрсөтүп турат. . Жогорку деңгээлдеги калыптанган мотивация аны кесиптик ишмердүүлүккө багыттап, өзүн-өзү тарбиялоону жетектейт.

**Иш-аракеттик** компонент болочоктогу мугалим окутуунун каражаттарын, форма жана методдорду, маалыматтык технологияларды колдонуу менен педагогикалык кесипке даярдыгын калыптандырууга багыт алышы. Бул компоненттин критерийи болочок мугалимдин өзүнүн инновациялык потенциалынын ишке ашырылышы мүнөздөлөт.

**Баалоочу-жыйынтыктоочу компонент** болочоктогу мугалимдин өзүнүн тандаган кесибине даярдыгынын деңгээлдерин баалай билиши менен аныкталат.

Өз кезегинде мына ушул компоненттердин калыптанышы педагогикалык чеберчиликтин негизи болуп калат. Мына ушуга байланыштуу болочоктогу мугалимдин кесипке туруктуу кызыгуусун калыптандыруу проблемасы төмөндөгү милдеттерди чечүү менен байланышат:

– педагогикалык иш аракеттин теориялык жана практикалык негиздери жөнүндөгү түшүнүктөрүн тереңдетүү;

– педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү жана коомдогу маанисин жөнүндөгү түшүнүктөрүн терендетүү;

–болочоктогу мугалимдин активдүү моралдык-психологиялык багытталышын калыптандыруу;

– окуу тарбия ишин уюштуруунун активдүү форма жана методдорун, маалыматтык технологияларды колдонуу;

– студенттердин өз алдынча иштөөсү оптималдуу уюштуруу;

– педагогикалык практиканы натыйжалуу пайдалануу;

– кесипке даярдыктын компоненттеринин калыптанышына көңүл бөлүү.

Кесипке кызыгууну калыптандырууну келечектеги мугалимдин социалдык жана кесиптик позицияларын калыптандырууну чечүүгө багытталган проблема катары кароо керек. Анткени, болочоктогу мугалимдин туруктуу кесиптик кызыгуусун үйрөнүү анын кесипке багытталгандыгынын деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн жүрүшүндө кесиптик кызыгуунун деңгээлин аныктоодо төмөндөгү критерийлерди пайдаландык:

педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрүн, маанисин, коюлган талаптарды туура түшүнүүсү, теориялык билимге, билгичтиктерге, көндүмдөргө (компетенттүүлүккө) педагогикадагы инновацияларды өздөштүрүүгө, кесиптик жана инсандык сапаттарын калыптандырууга умулуусу ж.б. Мына ушул критерийлердин негизинде болочоктогу мугалимдерди туруктуу кесиптик кызыгуусу боюнча төмөндөгүдөй үч топко бөлдүк:

**1-топ,** туруктуу кесиптик кызыгуусу бар студенттер. Бул топтогу студенттер теориялык билимдерин тереңдетүүгө, практикалык көндүмдөргө ээ болууга кызыгышат, активдүү позицияга ээ.

**2- топтун** студенттери кесипке кызыгуусунун орточо деңгээли менен мүнөздөлөт. Алар жетиштүү теориялык билимдерге ээ, бирок туруктуу кесиптик кызыгуусу калыптана элек.

**3-топко** кесиптик кызыгуусу төмөн окуучулар кирет. Алардын педагогикалык кесипке ээ болууга толук ишеними калыптанбаган.

Азыркы кезде болочоктогу мугалимдин кесипке туруктуу кызыгуусун калыптандыруунун натыйжалуулугу педагогикалык шарттарга да байланышат. Илимий адабияттарда педагогикалык шарт – бул коюлган милдетти ийгиликтүү чечүүнү камсыз кылган окутуу жана тарбиялоо процессинин объективдүү мүмкүндүктөрүнүн жыйындысы жана алардын өз ара аракеттенишүүсүнүн жагдайы, мазмундун, форма, методдордун, каражаттардын жана материалдык-мейкиндик чөйрөсүнүн объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы катары белгиленген [3;5;7;8] Педагогикалык шарттар болочоктогу мугалимдин кесиптик даярдыгынын компоненттерин калыптандырууга негиз болот.

Педагогдун кесипке даярдоо ар түрдүү билимдерди интеграциялоо шартында ишке ашат. Анткени, болочоктогу мугалим негизги дисциплиналарды билүү менен бирге окутуунун жана тарбиялоонун технологиясын өздөштүрүүсү керек. Анткени, интегративдик ресурс болочоктогу педагогду кесиптик өзүн-өзү өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү менен тааныштырууга, өзүнүн жеке инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө, келечектеги кесиптик ишмердигин моделдештирип, маанилүү милдеттерди жана мүмкүн болгон кыйынчылыктарды чечүүнүн жолун көрсөтүүгө, тандап алган кесиби боюнча өзүн-өзү даярдыгын калыптандырууга жардам берет. Изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык дисциплиналардын интегративдик ресурсун колдонууга, окумуштуулардын көз караштарына, педагогикалык практикада топтолгон тажрыйбаларга, изилдөөлөрүбүздүн натыйжаларына таянуу менен болочоктогу мугалимдин туруктуу кесиптик калыптандыруунун натыйжалуулугун арттыруучу төмөндөгү педагогикалык шарттарды эске алдык:

– Коомдогу социалдык экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында педагогикалык кесиптин мааниси, ага коюлган талаптар;
– педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү, ага коюлган талаптар;
– азыркы кездеги билим берүү системасындагы молернизациялоонун багыттары жана инновациялык процесстер менен тааанышытыруу;
– Кыргызстандын новатор педагогдорунун иш тажрыйбалары менен тааныштыруу;
– окутуунун инновациялык форма жана методдорун колдлнуу;
– системалуу максаттуу багытталган тарбиялык иштердин системасын уюштуруу;
– Маалыматтык технологияны жана интернет булактарын максаттуу пайдалануу;
– студенттер менен жекече иш алып баруу ж.б.

Мына ушул педагогикалык шарттарды эске алуу менен өткөрүлгөн окуу тарбия ишинин жүрүшүндө төмөндөгүдөй натыйжалар алынды. Эксперименттин алгачкы этабында окуу жайга өткөн мезгилде студенттердин педагогикалык кесипке кызыгуусунун жогорку деңгээли 28% ,

ороточо деңгээли 39% , төмөнкү деңгээл 33 % болгон. Изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык шарттарды эске алуу менен жүргүзүлгөн окуу тарбия иштери эксперименталдык соңунда студенттердин педагогикалык кесипке туруктуу кызыгуусунун оң таасир тийгизгендигин аныктай алдык. Натыйжада жогорку деңгээл 52%, орточо деңгээл 37%, төмөнкү деңгээл 11% болду. Демек, педагогикалык шарттарды эске алуу менен болочоктогу мугалимдердин кесиптик кызыгуусун калыптандыруу оң натыйжаны камсыз кыла тургандыгын практика көрсөттү

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжаларга таянуу менен төмөндөгүдөй тыянак чыгара алабыз:

1. Азыркы кездеги Кыргызстандын билим берүү системасын модернизациялоонун шарттарында компетенттүү мугалимдерди даярдоо актуалдуу проблема болуп саналат.
2. Болочоктогу мугалимдерди даярдоодо алардын кесипке кызыгуусун калыптандыруу маанилүү. Кесиптик кызыгуу болочоктогу мугалимдин инсандык жана кесиптик сапаттарынын, кесипке даярдыгынын компоненттеринин калыптанышынын негизи болуп саналат.
3. Болочоктогу мугалимдерди кесиптик кызыгуусун калыптандыруу үчүн педагогикалык шарттарды эске алуу зарыл.

**Адабияттар**


1. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030 жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы. Бишкек-2021 https://kao.kg/wp-content/ uploads/2021/04/
2. Арцимович И.В. Современное поколение: вызовы обществу или времени // Интерактивная наука. 2017. № 12. – С. 119-121.
3. Ганин Е.А. Педагогические условия использования современных информационных и коммуникационных технологий для самообразования будущих учителей// http://www.ito.su/2003/VII/VII-0- 1673.html
4. Иванов В.Г. Основное положение теории интереса в свете отношений человека. [Текст] / В.Г. Иванов – Ученые записки, № 214, вып.9. – Л.: Изд-во Ленингр. Ун-та. 1956. – С. 64-76.
5. Козырева, Е.И. Школа педагога-исследователя как условие развития педагогической культуры [Текст] / Е.И. Козырева // Методология и методика естественных наук. – Вып. 4. – Сб. науч. тр. – Омск: Изд-во ОмГПУ, 1999. – 24 с.
6. Краткий психологический словарь. [Текст] / Сост. Л.А.Карпенко. Под обңей ред. А.В.Петровского, М.Г. Ярощевского / – М.: Политиздат, 1985. – С. 431.
7. Найн А.Я. О методологическом аппарате диссертационных исследований [Текст] /А.Я. Найн // Педагогика. – 1995. – № 5. – С. 44-49.
8. Павлов, С.Н. Организационно-педагогические условия формирования обңественного мнения органами местного самоуправления. [Текст]: авто-реф. дис.канд. пед. наук 13.00.0 /С.Н. Павлов – Магнитогорск,1999. – С.23.
9. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. [Текст] // С.Л. Рубинштейн – М.: Учпедгиз, 1946. – С.704.
10. Щукина Г.И. Проблема познавательного интереса в педагогике [Текст]/Г.И.Щукина. – М.,1971. – С.352.


**Рецензент: доктор педагогических наук профессор Чоров М.Ж.**